**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

# ТОКТОМ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы №06 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

2017-жылдын 22- марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы курамында, төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ж.И. Саалаевдин, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы №06 аныктамасын

жокко чыгаруу тууралуу Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 21-декабрында Кызыл-Кыя шаардык мэриясынан «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндөгү» Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X Указынын 2-пунктун жана ага тиркеме болгон Кыргыз мамлекеттик жер долбоорлоо институтунун «Ош областынын Ноокат району жана эл депутаттарынын Кызыл-Кыя шаардык кеңешине баш ийген аймактардын арасындагы чек аранын» сүрөттөлүшүн, «Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айылдык кеңешинин курамынан Ынтымак, Беш-Бурхан, Арык-Бою, Дөң-Маала, Акшар, Таш-Булак, Челекчи жана Ничке-Суу айылдарын алып чыгуу жана алардын базасында Ынтымак айылдык кеңешин түзүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы №36 сандуу мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө, 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө сунуштама келип түшкөн.

Сунуштамада Кызыл-Кыя шаардык мэриясы 2005-жылы Кызыл-Кыя шаарынын администрациялык аймагына таандык болгон Жин-Жиген элдүү

пунктундагы өндүрүштүк аянтка «Түштүк Кыргыз цемент» жабык акционердик коомуна караштуу болгон цемент заводунун курулушунун башталышы Кызыл-Кыя шаары менен Ноокат районунун ортосунда аталган жердин таандуулугу боюнча талаш жаратканын белгилейт. Бул маселе боюнча Жалал-Абад райондор аралык соту 2011-жылдын 12-августундагы чечиминде Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-Х сандуу Указы менен бекитилген Кыргыз мамлекеттик жер долбоорлоо институтунун «Ош областынын Ноокат району жана эл депутаттарынын Кызыл-Кыя шаардык кеңешине баш ийген аймактардын арасындагы чек аранын» сүрөттөлүшүнө басым жасап, Ноокат райондук прокуратурасынын бул маселе боюнча доо арызын канааттандырган.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы 2012-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архивинен алынган расмий укук берүүчү документтерге таянып, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-Х сандуу Указына тиркелген чек аралардын сүрөттөлүшү жана чиймеде Жин-Жиген элдүү пунктунун 20% гана Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагына кирип, ал эми Жин-Жиген элдүү пунктунун 80%, Беш-Буркан Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик аймагына кирбей Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1960-жылдын 20-октябрындагы Указы, 1965-жылдын 28-майындагы №574-VI Указы, 1966-жылдын 22-августундагы №866-VI Указы, 1975-жылдын 27-ноябрындагы №262-1Х Указы, 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-Х Указынын 1-бөлүмү менен дал келбей, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө, 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө,

111-беренесинин 1-бөлүгүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Ошондой эле, Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы №36 мыйзамы жогоруда аталган Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун указдарына дал келбей, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын көрсөтүлгөн беренелерине каршы келээрин жана Беш-Бурхан, Агартуу (Дөң-Маала, Акшар, Ничке-Суу), Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарында жашаган адамдардын Конституциянын 110-беренесинде, 112-беренесинин 1-бөлүгүндө, 52-беренесинде аныкталган укуктары бузулгандыгын, тактап айтканда Беш-Бурхан, Агартуу (Дөң-Маала, Акшар, Ничке-Суу), Челекчи, Таш-Булак, Арык-Бою элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагына таандык болуп, ал эми Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айылдык кеңешинин курамына таандык эмес экендигине карабай Кулатов айылдык кеңешинин курамынан алып чыгып, алардын базасында Ынтымак айылдык кеңешин түзүп жаткандыгын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык

палатасы мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат. Жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы талаштагы ченемдик укуктук актынын конституциялуулугун текшерүүдө материалдык жана формалдык контролду жүзөгө ашырат. Материалдык контрол бул талаштагы мыйзамды жана башка ченемдик укуктук актыларды мазмуну боюнча Конституцияга ылайык келүүсүн текшерүү болуп саналат. Ал эми формалдык контрол аларды таризи, кабыл алуу, кол коюу, жарыялоо жана колдонууга киргизүү тартиби боюнча текшерүү дегенди билдирет.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алынган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү бир гана алардын мазмуну боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Ченемдери талашылып жаткан Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X Указы жана Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы №36 мыйзамы алар кабыл алынган учурда колдонууда болгон Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы жана Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы конституциялары менен бекитилген жол-жоболордун негизинде жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алынгандарына байланыштуу алардын конституциялуулугун текшерүү мазмуну боюнча жүргүзүлөт.

Кайрылуучунун пикири боюнча жогоруда аталган ченемдик укуктук актылар администрациялык-аймактык бөлүштүрүү маселелерин адилетсиз жөнгө салышкан. Ошондой эле сунуштамада талаштагы ченемдик укуктук

актылардын Конституцияга ылайык эместиги жөнүндө укуктук негиздеме берилген эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык контролду жүзөгө ашырууда укук маселелерин гана чечет. Ал эми адилеттик, саясий, маданий, адеп-ахлак, моралдык категориядагы коомдук мамилелерди укук тарабынан баалоо мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы талаштагы ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигин жана администрациялык-аймактык бөлүштүрүү маселелеринин адилеттиги тууралуу иштерди конституциялык сот өндүрүш алкагында кароого болбостугун белгилеген.

Мындан тышкары, Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 1996-жылдын 5-июлундагы №36 мыйзамы Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынгандыгы тууралуу пикири жаңылыштык болуп эсептелет, себеби аталган мыйзам Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясынын 58-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган, ал эми Президент бул мыйзамга кол коюп, элге жарыялаган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде судьялар коллегиясы сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алган.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 27-январындагы №06 аныктамасы менен макул болбой, Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 24-февралында даттануу менен кайрылган.

Даттанууда Кызыл-Кыя шаардык мэриясы судьялар коллегиясынын «кайрылуучунун пикири боюнча жогоруда аталган ченемдик укуктук актылар административдик-аймактык бөлүштүрүү маселелерин адилетсиз жөнгө салышкан» деген тыянагы менен макул болбостугун, сунуштамада адилетсиздик жөнүндө эч кандай пикир түздөн-түз жана кыйыр түрдө айтылбагандыгын белгилейт.

Ошондой эле, талаштагы ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык эместигине эч кандай укуктук негиздеме берилбегендиги тууралуу судьялар коллегиясынын пикирин туура эмес деп эсептеп, сунуштамада төмөнкүдөй укуктук негиздеме берилгенин белгилейт.

Даттануучу сунуштамада келтирилген 2012-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архивинен расмий түрдө алынган Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X Указына тиркелген чек аралардын сүрөттөлүшүнө жана чиймесине, Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун 1960-жылдын 20-октябрындагы Указы, 1965-жылдын 28-майындагы №574-VI Указы, 1966-жылдын 22-августундагы №866- VI Указы, 1975-жылдын 27-ноябрындагы №262-1X Указы карама-каршы келет деген пикирин укуктук негиздеме катары эсептейт.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктунда Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечет деп көрсөтүлгөнүн жана бул мыйзамды жетекчиликке алсак, анда жогоруда саналып кеткен укуктук ченемдик актыларга ылайык Жин-Жиген, Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттары

Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык-аймагына таандык болот деп эсептейт.

Сүрөттөлүш боюнча Жин-Жиген элдүү пунктунун 80%, Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык-аймагына таандык болбой калганын, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинин 2-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү аймактык администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат деп көрсөтүлгөнүн белгилейт. Мындай учурда Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундары алардын тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиги болгон Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык-аймагынын жергиликтүү жамааты катары жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу керек, бирок аталган элдүү пункттардын тургундары Ош областынын Ноокат районуна караштуу Ынтымак айылдык кеңешинин администрациялык-аймагынын жергиликтүү жамааты болуп жүрөт деп белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары деп көрсөтүлгөн, мындай учурда Кызыл-Кыя шаардык кеңеши Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундарынын өкүлчүлүктүү органы болушу керек, ал эми иш жүзүндө Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундарынын өкүлчүлүктүү органы Ынтымак айылдык кеңеши болуп жүрөт деп билдирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесинин 1-бөлүгүндө жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жашаган жарандар

тарабынан мыйзамда белгиленген бирдей мүмкүнчүлүктөрдү сактоо менен шайланат деп көрсөтүлгөн, мындай учурда Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундары алардын тийиштүү административдик-аймактык бирдиги болгон Кызыл-Кыя шаардык кеңешине шайлануусу жана шайлоосу керек, ал эми иш жүзүндө аталган элдүү пункттарынын тургундары Ынтымак айылдык кеңешине шайлашат жана шайланышат деп белгилейт даттануучу.

Сүрөттөлүш боюнча Жин-Жиген элдүү пунктунун 80% Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык-аймагына кирбей калган. Бирок аталган элдүү пункттун тургундары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүндө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда, 112-беренесинин 1-бөлүгүндө аныкталган укуктарын Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагында колдонушат. Ошол эле учурда даттануучу Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндөгү» Указы менен бекитилген сүрөттөлүш Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда аталган жоболоруна карама-каршы келет деп эсептейт.

Баяндалганга байланыштуу, Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасын жокко чыгарууну жана сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алып, мыйзам чегинде карап берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылуучунун даттанууда келтирген жүйөөлөрүн жана судьялар

коллегиясынын сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык контролду жүзөгө ашырууда укук маселелерин гана чечет. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы адилеттик, саясий, маданий, адеп-ахлак, моралдык жана башка укукка негизделбеген категориядагы коомдук мамилелерди укук тарабынан баалоо мүмкүн эместиги жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянагын негиздүү деп эсептейт.

Даттануунун, ошондой эле сунуштаманын жалпы мазмунунан Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын кыйыр түрдө болсо да Ош областынын Ноокат районунун аны менен чектешкен Кызыл-Кыя шаарынын административдик-аймактык бөлүнүш маселеси менен макул болбой, бул маселе адилетсиз чечилгендиги тууралуу пикири бар экени көрүнөт.

Конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык эместиги жөнүндө Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын көз карашы сунуштамада Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасап гана көрсөтүлгөн, ал эми укуктук жактан негиздеме берилген эмес.

Ал эми Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө келтирилген негиздемелер менен талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын ортосунда тутумдаш-укуктук байланыштын жоктугу бул актылардын Конституциянын көрсөтүлгөн беренелерине ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигине алып келет.

Анткени, талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы №36 мыйзамына ылайык, бул мыйзамда аталган айылдар Ош областынын Ноокат районунун Кулатов айылдык кеңешинин курамынан чыгарылып, алардын базасында Ынтымак айылдык кеңеши түзүлгөн, демек мыйзамда көрсөтүлгөн айылдар Кызыл-Кыя шаарынын курамынан чыгарылбагандыгына карабастан, бул айылдардын жарандарынын Конституцияда каралган укуктары бузулбайт, себеби алар Конституциялык укуктарын толугу менен жаңы түзүлгөн Ынтымак айылдык кеңешинин аймагында колдонушат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндө» Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X Указы менен бекитилген сүрөттөлүш Ош областынын Ноокат району менен Кызыл-Кыя эл депутаттарынын шаардык кеңешине баш ийген аймактын ортосундагы чек араны белгилеп, эч кандай укуктук маселелерди камтыбагандыгын көрсөтөт.

Мындай жагдайларда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын конституциялык сот өндүрүшүндө кароого негиз жок деген судьялар коллегиясынын тыянагы менен макул экендигин белгилейт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы №06 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**